**Изденүүчү Мустафа Йылмаздын “Кыргыз-түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары” деген темадагы, 10.01.01 адистиги боюнча филологиялык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуучу диссертациялык ишине диссертациянын расмий оппонентинин**

**Пикири**

Иш структуралык жагынан диссертациялык монографиянын талабына толук жооп берет. Тактап айтканда, изденүүчү Мустафа Йылмаздын сөзгө алынып жаткан илимий монографиясы Киришүүдөн, 2 баптан жана корутунду менен адабияттардын тизмесинен турат. Эки бап тең өз ичинен бир нече подтемаларга бөлүнүп берилген. Мындай структура теманын өзгөчөлүгүнөн келип чыккандыктан логикалуу. Биринчи бап: “**Кыргыз жана түрк элдериннн диний ырлары, акындар чыгармачылыгындагы диний көз караштар: илимий-теориялык, методологиялык негиздер”** деп аталып, бир нече майда темачаларга ажыратылат.

**“Кыргыз жана түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлар”** деп аталган экинчи бап дагы дал ушундай структурада иштелип чыккан.

Ар бир бап боюнча өзүнчө жыйынтыктар чыгарылат. Жана албетте Корутунду, анан акырында колдонулган илимий адабияттардын тизмеси берилген.

Турциялык түрктөр менен Орто Азиялык түрктөр, алардын ичинен асыресе кыргыздардын тилинде, дилинде жана каада-салттарында көптөгөн окшоштуктар, ошону менен катар олуттуу өзгөчөлүктөр бар экендиги белгилүү. Окшоштуктар, биз түбү бир эл экенибизден улам болсо, айырмачылыктар географиялык жайгашуулар, аралашкан чөйрө, коомдук, социалдык өнүгүү жолдору ар түрдүү болгондугу менен байланыштуу экендиги белгилүү. Айрыкча, ислам динин тутунуу маселеси боюнча олуттуу айырмачылыктар бар. Анткени, бул жаатта, боордош эки эл ар кимиси өзүнө таандык өзгөчөлүктөр менен өнүгүп келгендиги белгилүү. Алсак, түрк боордошторубуз Осман империясы мезгилинде эле ислам менен кеңири алакада болгондугу, түрктөрдүн турмуш-тиричилигин ислам ар тараптуу тейлөөгө илгерки доорлордо эле жетишкендигин адабияттардан улам билебиз. Ал эми кыргыз жергесине 19-кылымдын экинчи жарымында келген казак боордошубуз Ч.Валиханов “Кыргыздардын ичинде Мухаммед пайгамбардын ысымын билбегендер” көп экендиги, руханый-социалдык маселелери негизинен шаманчылык аркылуу тейленээрин белгилеп кеткен. Мындай, бир-биринен айырмаланган эки башка жагдай сөзсүз түрдө элдердин маданиятында, ириде көркөм чыгармачылыгында чагылдырылаары өзүнөн-өзү белгилүү. Ошондуктан, тандалып алынган тема: логикалуу жана актуалдуу. Иштин

изилдөө эволюциясы хронологиялуу жүргүзүлөт. Көөнө мезгилден башталып, акындар чыгармачылыгына чейин жетип, ал доор кошо камтылат.

Диссертациялык ишинин Киришүүсүндө изденүүчү Мустафа Йылмаз мындай иштин семантикалык структурасынын талабына ылайык: дин боюнча эки элге таандык өзгөчөлүктөр менен окшоштуктарды жалпы жонунан эсептеп чыгып, иштелүүчү илимий иштин көлөмү, мааниси, актуалдуулугу, апробациясы сыяктуу жана башка жалпы жагдайлары боюнча жана алдына койгон проблемалары жана аларды чечмелөө үчүн кандай милдеттерди койгондугу жөнүндө айтылат, ал эми **коргоого коюлган негизги жоболор** диссертациялык иштин жалпы мазмуну жана максаты жөнүндө конкреттүү маалымат берет.

Биринчи баптын: **Акындар чыгармачылыгындагы дин ырларынын фольклордук башаттары, табияты, эволюциясы** – аттуу биринчи подтемасында аталышынан көрүнүп тургандай акындардын чыгармачылыгындагы диний көз караштардын генезиси, табияты, эволюциясы жөнүндө кеңири сөз болот. Мында белгилей турган ийгилик, изденүүчүнүн кыргыз фольклордук жана акындар чыгармаларындагы диндин көркөм иштелишинин өзгөчөлүктөрүн абдан мыкты билгендиги, кыргыз акындарынын чыгармачылыгын ушул жана башка аспектиде изилдеген илимий булактар менен тааныштыгы жакшы экендиги жана алардан туура жыйынтыктарды жасай алгандыгын, кыргыз элдик чыгармачылыгындагы динге байланыштуу эң майда нюанстарына чейин байкай алгандыгы көрүнөт. Иштин мындай формадагы ийгилиги дисертациянын жалпы мазмунуна жайылтылат. Тактап айтканда, диссертацияда баштан-аяк кыргыз акындарынын динге карата мамилесинин көркөм чыгармачылыгында көрүнүшүнүн түрдүү жагдайлары туура, конкреттүү талданып баа берилет. Буга чейинки адабий, этнографиялык, этнологиялык илимий талдоолор жетишээрлик үйрөнүлгөн жана ишке чегерилген. Буга кыязы, биринчиден, автордун профессионалдык даярдыгынын жогорулугу, эмгекчилдиги жана өз милдетине чоң жоопкерчилик менен караган инсандык өзгөчөлүгү, экинчиден, кыргыз тилин мыкты билгендиги жана кыргыз чөйрөсүндө, болгондо дагы кыргыз филологиясынын илимий чөйрөсүндө аралашып жүргөндүгү оң роль ойноду болсо керек деп ойлойм. Ошондой эле изденүүчү Мустафа Йылмаз ушул аспектиде изденген түрк окумуштууларынын эмгектеринен абдан көп мисалдарды келтириши, биринчиден, бул маселе түрк филологиясында канчалык деңгээлде иштелгендигинен кабар берип турса, экинчиден, автордун өзү камтыган тармак боюнча эки жакта тең терең изденип чыккандыгын көрсөтөт. Натыйжада кыргыз акындарынын ырларындагы диний башат, табияты жана эволюциясы боюнча абдан таасын байкоолорду илимий жыйынтык катары берет.

Изденүүчү түрк элдик ырларынын баштапкы доорунда элдик ишенимге негизделген ар түрдүү дарымдык, каадалык, дүйнө таанымга таандык ишенимдеги башталма күчтүү болсо дагы, ирандар өздөрү арабдардан алган, ал эми түрк чыгармачыл инсандары ирандык диний чыгармачылыкка таасирленген ислам багытындагы адабият өзүнчө чоң жолду басып өткөндүгүн: "Бул адабият караханиддер доорунда жаралып, селчуктар доорунда өнүгүп, осмондор доорунда классикалык доорго көтөрүлгөндүгүн" белгилеген Билал Кемиклинин пикирин келтирет. Ушунун өзү түрк боордошторубуздун ислам дини менен алакасы Орто Азияда ислам кыйла өнүккөн элдердин арасында турганыбызга карабай, биздин адабият менен салыштырмалуу абдан терең экендигин көрсөтөт. Ал эми алтайлык боордошторубуздун адабиятынан абдан эле айырмалана тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Ошондой эле бизге тааныш М.Кашгарлык, Жусуп Баласагын жана Ахмад Яссавилердин Түрк филологиясында түрктөрдүн диний адабиятынын башатында турат деген концептуалдуу көз караш экендигин баамдоого болот. Ал эми "Борбордук Азияда жашаган көчмөн, жарым көчмөн турмушту кечирген түрк коомчулугу тарыхта бири-биринен айырмаланган бир нече ишенимдерди тутушкан. Түрк тилдүү элдердин эң байыркы диндери тууралуу жеткиликтүү маалыматтар сакталып калбаса да, тотемизм, теңирчилик, манихеизм, буддизм, шаманизм сыяктуу бири–биринен кескин айырмаланбаган ишенимдерди тутунушканы маалым" деген аныктамасы, Орто Азиялык түрктөрдүн ичинен кыргыз-казактарга көбүрөөк мүнөздүү экендиги белгилүү. Анткени, башка Орто Азиялык түрк тилдүү элдер бизге караганда исламга терецирээк киргендиги менен айырмаланышат эмеспи. Албетте, мындай өзгөчөлүк көркөм чыгармачылыкта чагылдырылбай калышы, көркөм чыгармачылыкка күчтүү таасирин тийгизбеши дегеле мүмкүн эмес. Тактап айтканда, кыргыз көркөм чыгармачылыгынын көөнө мезгили боюнча элдик же болбосо шаманчылык ишеним жана анын элдин турмуш-тиричилигин тейлөөдөгү маанилүү кызматы кыргыздарда XX кылымда деле күчтүү болгондугу жөнүндө, анын элдик көркөм чыгармачылыкка тийгизген таасири жөнүндө диссертант так, таамай жана туура илимий аныктамаларды чыгара алган.

Ошондой эле изденүүчүнүн: "Кыргыздарда диний ырлардын жаралышы элдин шамандык, тотемдик ишенимдеринен улам жаралган деп боолголосок, түрк оозеки чыгармачылыгында диний ырлар Теңирге болгон ишеним, аны даңктоо, ага жалбаруу, сурануу учурунда калыптанган дешке болот. Бирок, ошол эле учурда калктын башка элдер менен жакын жайгашуусунан улам шамандык, тотемдик ритуалдар аткарылып, айтымдар жаралганын көрүүгө болот" деген илимий аныктамасынын жалпы түрк элдери үчүн бүгүнкү күндөгү практикалык мааниси чоң деп айтсак болот. Анткени, бүгүн бүтүндөй түрк дүйнөсү – өзүнүн башатынан кетип, исламга берилүү боюнча алдыңкы

орунга чыгып отурса, кыргыздарда, айрыкча жаштарда руханий ишеним өнүгүүнүн туура эмес жолуна түшүп калгандыгы бүгүнкү учурда бүт чындыгы менен ачыкка чыкты. Жаштарыбыз кечээги эле тарыхый фактыларды моюндабай, танып, жерип отурушу элдин келечеги үчүн абдан кооптуу экендиги айтып отурбасак да түшүнүктүү. Ушундай мааниден алганда сөз болуп жаткан эмгектин илимий актуалдуулугу жогору.

Изилдөөчү түрк жана кыргыз адабиятынын көөнө мезгилиндеги диний көз караштарынын терендиги боюнча айырманын чоң экендигин абдан көп акындардын чыгармачылыгын изилдөөгө алган түрк окумуштуулары менен кыргыз поэзиясында "акындар чыгармачылыгы" деген аталыш менен белгилүү болуп келген чыгармачылыкты кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү боюнча жүргүзгөн анализинен абдан таасын көрүнөт. Албетте, диссертант өз алдына ислам дининин эки элдин көркөм чыгармачылыгына тийгизген таасирин изилдеген илимий иштерге анализ жүргүзүү максатын койгон эмес. Бирок, иштин максаттуу жүрүшүндө бул иш дагы өзүнөн-өзү аткарылып калгандыгын көрүүгө болот. Акындар чыгармачылыгы боюнча жазылган илимий иштердин аталыштарын жана авторлорун атоо менен автор, бирок бул изилдөөлөрдүн баары эле диний көз караштарды анализге албагандыгын эскерте кетет. Демек, кыргыз филологиясынын буга чейинки жасаган иштеринде көркөм чыгармачылыктагы диний катмарларды изилдөө максаты анча мааниге ээ болбогондугун көрсөтөт. Бул жеке эле саясий өзгөчөлүктөн эмес, илимий объектинин өзгөчөлүгү менен да байланыштуу түшүндүрүлөт. Канткен менен дагы кыргыздар ислам философиясын тереңден өздөштүрүүгө жетишпегендиги илимде такталган эмеспи. Ошондуктан, философия илиминин профессору Ж.Бөкөшев кыргыз көркөм чыгармачылыгында оозго аларлык динди көркөм иштеп чыккан чыгарма жаралбагандыгы жөнүндө сөз кылып олтурат. Кыргыз адабиятынын ушундай жагдайларын диссертант Мустафа Йылмаз да туура баамдаган.

Биринчи баптын **"Кыргыз-түрк эпикалык чыгармаларындагы диний мотивдердин орду жана мааниси"** деген акыркы подтемасында диссертант кыргыз эпосторундагы диний мотивдер жөнүндө ынанымдуу илимий пикирлерди билдирет. "Манас" эпосу баштаган бир катар кенже эпостордогу элдик ишенимдердин, исламдашкан түшүнүктөрдүн орун алышы, байыркы бабалардын ишениминдеги Теңирге, Умай энеге, Жер-сууга табынуулары, наристе руху, башкы баатырды колдоп жүргөн ыйык колдоочулар, туугандашуу түшүнүктөрүнүн, кайып-тотем түшүнүктөрүнүн эпосто берилиши, мусулманчылыкка байланыштуу ар кыл мазмундагы окуяларда Расул Алла, Мухаммад, Сулайман, Азиретаалы пайгамбарлардын (Мисалы, "Кыз Дарыйка" поэмасында) өмүр жолдорунун берилиш өзгөчөлүктөрү талданып, эпикалык

чыгармалардын сюжетинде кыргыздар тутунган диндик ишенимдердин белгилери толук сакталганы айтылат. Автор чыгармадагы сүрөттөлүп жаткан диний сүрөттөөлөр аркылуу ал чыгарманын кайсы мезгилде жаралганын боолголоого боло турганын белгилейт. Ошондой эле кийинки мезгилдерде исламдын идеологдору диндин жол-жоболорун көркөм чыгармага, поэма, дастандарга айландырып, динди жайылтуунун дагы бир жолу катары сунушташканын “Кыз Дарыйка” поэмасынын мисалында ачыктайт.

Эпостордун ичинен “Манас” эпосуна кененирээк токтолгон изилдөөчү, кыргыз эпосторундагы көптөгөн ишенимдер негизинен синкреттешкен түрдө чагылдырылгандыгын, ал эми түрк дастандары боюнча болсо: “Түрк элинин байыркы элдик ишенимдеринин айрым үлгүлөрү кезикпесе, көпчүлүгү маанилик жактан толук исламдашкандыгын көрөбүз” деген жыйынтык чыгаруу менен кыргыз адабияты негизинен пантеисттик боюнча калса, түрк адабияты негизинен исламдашкан адабияттын түрүн алган деген жыйынтык чыгарат. Изденүүчү өзүнүн бул жыйынтыгын: түрк адабиятынын өнүгүшүн классификациялоодо ислам дини менен байланышта караганы менен ого бетер бекемдейт.

**Кыргыз жана түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлар** деп аталган экинчи баптын биринчи подтемасында кыргыз-түрк акындар чыгармачылыгынын калыптануусундагы, жетилүүсүндөгү өзгөчөлүктөрү жана окшоштуктары боюнча изилдөө жүргүзүлөт. Кыргыздарда акындык, түрктөрдө ашык поэзия деген аталышка ээ болгон поэзиянын башталышы эки элде тең орто кылымдарга барып такалса, ислам дини менен алака жасоо эки элдин ортосунда он кылымдай убакыт ажырым бар экендигин мисалдар менен бекемдейт. Ушунун өзү эки элдин акындык чыгармачылыгындагы диний ажырымдын терең экендигин көрсөтөт. Муну түрк акындар чыгармачылыгын изилдөөгө алган түрк адабият таануусунун терминдеринен исламдык терминдер жыш учурай тургандыгы да тастыктап турат. Ал эми жанрдык жактан эки элдин акындар чыгармачылыгында толук окшоштук бар экендиги көрүнөт. Ушуларды изилдеп чыгуу менен диссертант момундай таасын жыйынтык чыгарат: “Бул салыштыруулардан көрүнүп тургандай кыргыз акындарына өзгөчө масштабдуулук мүнөздүү болсо, түрк акындарында салыштыруулар менен Алланы улуктоо мүнөздүү экендигинен көрүнөт”.

Ал эми замана ырларын талдап жатып изденүүчү негизинен замананын оош-кыйышы, анын себептери жана келечеги жөнүндө көбүрөөк айтылгандыгын, ал келтирген мисалдар тастыктап турат. Ошол эле мезгилде түрк ашыктары негизинен Кудайдан адамга келчү жакшылык, ал жакшылыкты алуу үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндөгү айтымдардын жыш экендигин көрүүгө болот. Мында да кыргыздарда ислам философиясы катуу өздөштүрүлбөгөндүгү, ал эми түрктөрдүн болсо каны-жанынан терең орун

алгандыгы көрүнөт. Акындык поэзиянын, замана агымдарынын өкүлдөрүндө деле исламды тарикаттоого аракеттер болгону менен алар улам элдик философия менен элдик ишенимдерге ооп тургандыгын мисалдар көрсөтөт. Ошондуктан, изденүүчү “Замана” агымынын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгындагы рухий башталмада, дегеле кыргыз чыгармаларында элдик ишеним менен ислам түшүнүктөрү синкреттешкен түрдө жүрөт деген жыйынтыкка келет.

Айрым бир байкоолор: теманы өтө алыстан баштоо, мисалы, дин, ыр деген жана ушул сыяктуу мааниси эчак такталган терминдерге түшүндүрмө берүү, бул, бизге өзгөчөрөөк көрүнгөнү менен түрктөрдүн илим изилдөө методологиясы ушундай окшойт, анткени, мен мындай кубулушту Гелекчи Сейфетдиндин ишинен дагы байкадым эле. Анан дагы иштин жалпы сапатына терс таасирин тийгизе албаган грамматикалык айрым бир каталар кезикти.

Мустафа Йылмаздын 10.01.01 кыргыз адабияты адистиги боюнча “Кыргыз-түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары” аттуу филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын темасы бүгүнкү күндө актуалдуу жана ал илимий теориялык жактан негиздүү иштелип чыккан. Теориялык жана практикалык жактан абдан актуалдуу, ошондуктан, бул эмгектин автору Мустафа Йылмаз изилдөөсү үчүн филологиялык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейм.

Официалдуу оппонент: Чокоева Д.М.

доцент, ф.и.к., Жалал-Абад мамлекеттик университети

ЖАМУ
ТАСТЫКТАЙМЫН
2021 ж. 5 июнь
КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ Р. ОБОЛОВ

КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ